КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги 3-сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 23-июлундагы №26 **Салам-Алик айылы**

Салам-Алик айылынын тургуну Раимбеков Барсбектин жеке менчик турак- жай участкасынын ичинен максаттык багытын өзгөртүп, элдерди азык түлук менен жана курулуш материалдары менен камсыздоо үчүн 0,04га жер аянтын коммерциялык багытка өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Салам-Алик айылынын Ж.Раимбеков кочосундогу №25-уйдун тургуну Раимбеков Барсбектин жеке менчик турак-жай участкасындагы 0,04га жер тилкесинин максаттык багытын өзгөртүп, элдерди азык түлүк жана курулуш материалдары менен камсыздоо үчүн Салам-Алик айылынын тургуну Раимбеков Барсбектин 2026-жылдын 18-июлунда жазган арызын карап чыгып жалпы депутаттардын макулдугунун негизинде Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат.**

1.Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Салам-Алик айылынын тургуну Раимбеков Барсбектин “Кадастр” мамлекеттик мекемеси тарабынан 2026-жылдын 14-апрелиндеги идент. коду 5-06-16-1001-0515 менен берилген жеке турак-жай үйүнүн 400м.кв. жер аянтынын багытын өзгөртүп элдерди азык түлук жана курулуш материалдары менен камзыздоо үчүн дүкөн курууга макулдук берилсин.

2.Бул токтомдон келип чыккан иш аракеттердин аткарылышын камсыз кылуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер, турак жай, комуналдык менчиктери жана жерге жайгаштыруу боюнча боюнча башкы адиси милдетин убактылуу аткаруучу Ж.Нуралиевке тапшырылсын.

3.Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңешинин суу, мал чарба, жер, токой, экология, өнөр жай, курулуш, өзгөчө кырдаал, тоо кен, маалымат, транспорт, байланыш жана энергетика тармактары боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Чолпонбай уулу Сагындык**